КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**27-август 2025-жыл № 3** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы суу объектилерине улай жайгашкан айылдардагы калкты жана конуштарды коргоо зонасын аныктоо жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-августундагы № 01-17/543 сандуу катын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-июлундагы № 271 токтомун, Кыргыз Республикасынын "Суу кодексин", "Суу объектилеринин коргоо зоналары жана санитардык тилкелери жөнүндө жобону", архитектура-курулушту, транспорт жана калктын коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгын жетекчиликке алып, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү X-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдарды аралап өтүүчү каналдардын суу коргоо зоналарынын өлчөмү 12 (он эки) метр аралык деп бекитилсин.
2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана жер адис А.Акматкуловго милдеттендирилсин.
3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.
4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**